ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 339.56.055

**К. О. БАПАЛИЕВ**
КГУСТА ИМ. Н. ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E – MAIL: KALYBEK72@MAIL.RU
**K.O. BAPALIEV**
KSUCTA N.A. N. ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC

**А.Т. МАШАЕВА**
КГУСТА ИМ. Н. ИСАНОВА,
БИШКЕК, КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
E – MAIL:
AIVARA7979@MAIL.RU
**A.T. MASHAEVA**
KSUCTA N.A. N. ISANOV,
BISHKEK, KYRGYZ REPUBLIC
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ЖЫЛДАРДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СООДА-САТЫК МАМИЛЕЛЕРИН АНАЛИЗДӨӨ

# АНАЛИЗ МЕЖДУНАРОДНОГО ТОРГОВОГО ОТНОШЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ЗА ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ

# ANALYSIS OF THE INTERNATIONAL TRADE RELATIONS OF THE KYRGYZ REPUBLIC FOR THE YEARS OF INDEPENDENCE

*Бул макала Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк жылдар аралыгындагы эл аралык соода-сатык мамилелерин аналидөөгө багытталган. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк жылдар аралыгында көптөгөн мамлекеттер менен соода- сатык байланышын түптөөгө жетишти.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *эгемендүү, эл аралык, соода-сатык мамлелери.*

*Данная статья посвящена анализу международного торгового отношения Кыргызской Республики за годы независимости. За годы независимости Кыргызская Республика достигла торгового отношения многими странами мира.*
***Ключевые слова:*** *независимость, международное, торговое отношение.*

*This article is devoted to the analysis of the international trade relations of the Kyrgyz Republic for the years of independence. Over the years of independence, the Kyrgyz Republic has achieved trade relations with many countries of the world.*
***Key words:*** *independence, international, trade relation.*

1990-жылы 15-декабрда Кыргыз ССР Жогорку Советинде «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү» Декларация кабыл алынып, Кыргызстан Советтер Союзунун курамындагы эгемен өлкө катары жарыяланган. Ал эми 1991-жылы 31-августта Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинде «Мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндө» Декларация кабыл алынып Кыргыз Республикасы көз карандысыз, эгемендүү демократиялык мамлекет катары салтанаттуу

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

жарыяланган. Азыркы күндө Кыргыз Республикасын эгемендүү мамлекет катары [illegible] мамлекет тааныды жана 100гө жакын мамлекет менен дипломатиялык алака түзүлгөн.

Эгемендүүлүктү алган күндөн баштап Кыргыз Республикасы эл аралык соода-сатык мамилелерин өз алдынча чечип, алыскы чет өлкөлөр менен экономикалык байланыштардын түптөлүшүнө шарт түзүлдү.

Биринчи жолу эгемен өлкө сыпатында соода-сатык байланышты Кыргыз Республикасы 1993-жылдын 24-сентябрында Москва шаарында КМШ ( көз каранды эмес мамлекеттер шериктештиги) арасындагы «Экономикалык бирикме жөнүндөгү келишимге» кол коюудан баштаган.

Маалымат үчүн: Мурунку СССРдин курамындагы республикалардын ортосундагы 70 жыл аралыгында түптөлгөн экономикалык, саясий жана маданий байланышты кармап калуу жана чыңдоо максатында 1991-жылы 21-декабрында Алма-Аталык декларациянын негизинде курамында: Россия, Белорусия, Украина, Азербайжан, Армения, Казахстан, Молдова, Тажикстан, Түрмөнстан, Өзбекстан жана Кыргызстан кирген Эгемендүү Шериктеш Мамлекеттери болуп түзүлгөн.

Ушул эле бирикменин алкагында 1994-жылы 15-апрелде Кыргыз Республикасы «Эркин соода-сатык аймагын» түзүү жөнүндөгү келишимдин токтомуна кол коёт жана 1999-жылы ушул токтомго кирген өзгөртүүлөрү жана толуктоолору менен 2000-жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ратификациялайт.

1994-жылы 30-апрелде курамына Кыргыз Республикасы, Казахстан жана Өзбекстан болуп бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү келишимине кол коюлат. Андан сырткары 1996-жылдын август айында ушул эле «Эркин соода-сатык аймак» келишимине байкоочу катары Россия, 1999-жылдын июнь айынан баштап Грузия, Турция жана Украина мамлекеттери кошулат.

Ал эми жогоруда аталган бирдиктүү экономикалык мейкиндикке 1998-жылдын март айында Тажикстандын кошулушуна байланыштуу 1998-жылдын июль айында «Орто Азиялык Экономикалык Коомчулугу» болуп кайрадан кеңейтилген курам менен түзүлгөн.

1995-жылы 6-январь айында курамында Россия, Казахстан жана Беларустан турган «Бажы бirимдиги» түзүлөт. Кыргыз Республикасы аталган «Бажы биримдигине» 1996-жылдын 29-мартында мүчө болуп кошулат. 1999-жылы 26-февралда «Бажы биримдигин» андан ары терең интеграциялоо максатында «Бажы биримдиги жана бирдиктүү экономикалык мейкиндик» келишимине кол коюлган.

2000-жылы 23-май айында «Бажы биримдигине» эл аралык экономикалык уюм деген статус берилет. Ал эми 2000-жылдын 10-октябрь айында Астана шаарында «Бажы биримдигине» мүчө мамлекеттердин жетечилеринин, А. Акаев, А. Лукашенко, Н. Назарбаев, В. Путин жана Э. Рахмоновдун катышуусунда болуп өткөн жолугууда «Бажы биримдигинин» негизинде Евразиялык экономикалык коомчулугун түзүү жөнүндөгү келишимине кол коюу менен бекитишкен.

1996-жылы курамында Россия, Казахстан, Тажикстан, Кытай жана Кыргызстан кирген «Шанхай бешилтиги» түптөлгөн.

2001-жылы 15-июнь айында Шанхай шаарында болуп өткөн кезектеги Саммитте «Шанхай бешилтигине» Өзбекстандын кошулуусуна байланыштуу «Шанхай кызматташуу уюмун» түзүү жөнүндөгү декларация кабыл алынып, кол коюлат.

Кыргыз Республикасы мурдагы СССРдин курамындагы мамлекеттердин ичинен биринчилерден болуп. Дүйнөлүк Соода-Сатык Уюмуна 1998-жылы 20-декабрь айында кол коюу менен 77-чи мүчөсү болуп кошулган. Айта кетсек Россия 2012-жылы 22-августта 156-чы мүчөсү, Тажикстан 2013-жылы 2-мартта 159-чу мүчөсү жана Казахстан 2015-жылы 15-декабрда 162-чи мүчөсү болуп киришкен. Ал эми Беларусь Республикасы азыркы кезге чейин Дүйнөлүк Соода-Сатык Уюмуна байкоочу болуп эсептелинет.

Андан сырткары эгемен жылдар аралыгында көптөгөн алыскы жана жакынкы мамлекеттер менен эки тараптуу экономикалык келишимдерге кол коюуга жетишкен.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

2015-жылы 12-август айында Евразиялык экономикалык бирикмеге 5-чи болуп кабыл алынган.

Акыркы 25 жыл аралыгындагы Кыргыз Республикасында жүргүзүлгөн тышкы соода-сатык мамлесин Улуттук Статистикалык Комитеттин берген маалыматтарына таянып жүргүзүү менен коштолду.

Бул макалада Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык иш аракеттери төрт этапка бөлүнүп каралган.

Биринчи этап 1992-жылдан 1996-жылга чейинки аралык: көз каранды эмес жана башка эл аралык уюмдарга толук кандуу мүчө боло элек кездеги жаңыдан түптөлүп келе жаткан Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык алакасы жана Кыргыз Республикасынын башка боордош он көз каранды эмес республикалар менен болгон алгачкы эл аралык «Экономикалык бирикмеге» кошулуусу.

Беш жыл аралыктагы Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатыктын өсүү көлөмүнө таасир берүүсүнө талдоо жүргүзүлгөн.

Экинчи этап 1996-жылдан 1998-жылга чейинки аралык: Кыргыз Республикасы курамында Россия Федерациясы, Казахстан жана Беларусь Республикасынан турган «Бажы биримдигине мүчө болуу менен эл аралык соода-сатык иштерин эркин мамлекет катары улантат. Бажы биримдигине мүчө болуу менен Кыргыз Республикасынын тышкы соода – сатык байлынышынын өсүүсү жана натыйжалуулугун баалоо.

Үчүнчү этап 1998-жылдан 2015-жылга чейинки аралык: 1998-жылдын 20-декабрынан тартып Кыргыз Республикасы Бүткүл Дүйнөлүк Соода-Сатык уюмуна кошулуу менен дүйнөлүк соода-сатыкка кадам таштайт. Кыргыз Республикасына курамында 76 өлкөнү камтыган эбегейсиз чоң соода – сатык мейкиндиги ачылган. Зор соода – сатыктын мейкиндигинин Кыргыз Республикасынын экономикасына кошкон салымын баалоо.

Төртүнчү этап 2015-жылдан баштап: 2015-жылы 12-август айында Евразиялык экономикалык бирикмеге Кыргыз Республикасы 5-чи болуп кабыл алынган. Бул биригүүгө Кыргыз өкмөтү, ири жана орто ишкерлер чоң үмүт кароодо.

Биринчи таблицада көргөзүлгөн товарлардын негизги түрлөрүнүн экспорту төрт этапка бөлүнгөн жана 1992-жылдан 1996-жылга чейинки, 1997-жылдан 1998-жылга чейинки жана 1999-жылдан 2015-жылга аралыктагы көрсөткүчтөр орточо жылдык көрсөткүч менен алынган. Анын негизги себеби болуп Кыргыз Республикасынын эл аралык соода - сатык мамилесинин өнүгүү этаптарын так көрсөтүү болуп эсептелет.

Орточо жылдык көрсөткүтөрү менен алынган экспорттун көлөмү төрт этаптын алкагында ар бир каралган мезгилинде орточо эсеп менен 3,5 эсеге өскөн.

Ал эми импорттун көлөмү ошол эле мезгилге карата 4,5 эсеге өскөнү байкалган.

Бул жерден Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатыкта импорттун көлөмү экспортко салыштырмалуу 1,2 эсеге ашыкча өсүшүн көрөбүз.

Андан сыркары Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык сальдосунун көлөмү жалпы тышкы соода-сатык көлөмүнө салыштырмалуу 1992-1996-жылдар аралыгында 14,3 пайызды түзгөн болсо, ал 1997-1998-жылдар аралыгында бул көрсөткүч 16,6 пайызды көрсөтүп 1992-1996-жылдарга салыштырмалуу 2,3 пайызга жогору болгон. Ошол эле көрсөткүч 1999-2015-жылдар аралыгында 35,2 пайызга жетип 1992-1996-жылдарга салыштырмалуу 21 пайызга, ал эми 1997-1998-жылдарга салыштырмалуу 18,6 пайызга көптүк кылган. 2016-жылы бул көрсөткүч андан ары өсүп 43,7 пайызга жеткен жана 1992-1996-жылдарга салыштырмалуу 29,4 пайызга, 1997-1998-жылдарга салыштырмалуу 27,1 пайызга жана 1999-2015-жылдарга салыштырмалуу 8,5 пайызга жогору болгон.

Ошол эле учурда Кыргыз Республикасы КМШ мамлекеттери менен ар кандай деңгээлдеги биригүүлөргө карабай соода-сатык алакасы азайып баратканын 1-таблицадан көрсөк болот. Эгерде 1992-1996-жылдар аралыгында КМШ мамлекеттери менен жалпы

ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0
Click here to buy
www.ABBYY.com

соода-сатык көлөмү 67,1 пайызды түзгөн болсо, ал эми 2016-жылы бул көрсөткүч 42 пайызга чейин төмөндөгөн, башкача айтканда 24, 8 пайызга азайган.

Таблица 1 - Өлкөлөр боюнча товарлардын тышкы соода-сатык көлөмү, миң сом

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **1992-1996** | **1997-1998** | **1999-2015** | **2016** |
|---|---|---|---|---|
| **Экспорттун бардыгы** | **3342200,8** | **11054426,7** | **56794842,1** | **110052953,0** |
| **Импорттун бардыгы** | **4459513,5** | **15467112,6** | **126809841,3** | **280764668,3** |
| алардын ичинен | | | | |
| өлкөлөр боюнча: | | | | |
| КМШдан тышкары өлкөлөргө экспорт | 958863,3 | 5456306,5 | 30171210,1 | 67879428,7 |
| КМШдан тышкары өлкөлөрдөн импорт | 1605186,8 | 7051071 | 60433379,8 | 157726806,8 |
| КМШ өлкөлөрүнө экспорт | 2383337,5 | 5598120,2 | 26623632,0 | 42173524,3 |
| КМШ өлкөлөрүнө импорт | 2854326,6 | 8416041,55 | 66376461,4 | 123037861,5 |
| **Жалпы соода-сатык** | **7801714,2** | **26521539,3** | **183604683,3** | **390817621,3** |
| **Тышкы соода-сатык сальдосу** | **-1117312,7** | **-4412685,9** | **-70014999,2** | **-170711715,3** |
| Тышкы соода сатык сальдосу жалпы соода-сатыкка салыштырмалуу % менен | 14,3 | 16,6 | 38,1 | 43,7 |
| КМШдан тышкары өлкөлөргө экспорт, % | 28,7 | 49,4 | 53,1 | 61,7 |
| КМШдан тышкары өлкөлөрдөн импорт, % | 36,0 | 45,6 | 47,7 | 56,2 |
| КМШ өлкөлөрүнө экспорт, % | 71,3 | 50,6 | 46,9 | 38,3 |
| КМШ өлкөлөрүнө импорт, % | 64,0 | 54,4 | 52,3 | 43,8 |
| **Экспорттун бардыгы, %** | 42,8 | 41,7 | 30,9 | 28,2 |
| **Импорттун бардыгы, %** | 57,2 | 58,3 | 69,1 | 71,8 |
| **Жалпы соода-сатык КМШ өлкөлөрү менен, %** | 67,1 | 52,8 | 50,7 | 42,3 |
| **Жалпы соода-сатык КМШдан тышкары өлкөлөр менен, %** | 32,9 | 47,2 | 49,3 | 57,7 |

Андан сырткары Кыргыз Республикасынын экспортунун басымдуу бөлүгүн 1992-1996-жылдар аралыгында КМШ мамлекеттерине багыттаган болсо, 2016-жылдары экспорттун басымдуу бөлүгүн КМШдан тышкары мамлекеттер ээлеген. Эгерде ушул эле айтылган сөздөрдү сандарга айлантсак, анда тышкы соода-сатыгынын багытынын өзгөрүүсүн так байкоого болот: 1992-1996-жылдар аралыгында КМШ мамлекеттерине болгон экспорттун салыштырмалуу салмагы 71,3 пайызды түзгөн, ал эми ушул эле көрсөткүч 2016-жылы КМШдан тышкары мамлекеттерине 61,7 пайызды түзгөн.

КМШ мамлекеттери менен соода-сатык мамилелердин соолгундап баратканын төмөндөгү 1-графиктин негизинде даана байкасак болот.

1-графикте көрүнгөндөй 1992-1996-жылдар аралыгында жалпы соода-сатык КМШ мамлекеттери менен абдан жогорку деңгээлде болгон, а бирок акыркы жылдарда, тагыраагы 2016-жылы КМШдан тышкары мамлекеттер менен болгон соода-сатык бир топ жогорулаган.

Андан сырткары биздин тышкы соода-сатыкта экспорттун көлөмү да жыл санап импортко салыштырмалуу бир топко төмөндөгөн.





График 1. Кыргыз Республикасынын КМШ жана КМШдан тышкары мамлекеттер менен болгон соода-сатык кызматташтыгы (1992-2016-жылдар аралыгында)





График 2. Кыргыз Республикасынын экспорт жана импорттунун салыштырмалуу салмагы

Экинчи графикте 1992-1996-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатыкта экспорт менен импорттун көлөмүнүн айырмасы аз болгон, башкача айтканды импорттун көлөмү экспорттун көлөмүнө салыштырмалуу 14,4 пайызды көп болгон болсо, ал эми 1997-1998-жылдар аралыгында бул айрымачылык 16,6 пайызга жеткен. 1999-2015-жылдар аралыгында бул айрымачылык андан өсүп олтуруп 38,2 пайызга жеткен жана 2016-жылы 43,6 процент менен рекорддук чекке жеткен.




График 3. Кыргыз Республикасынын 1992-2016-жылдар аралыгындагы жалпы соода-сатык көлөмү жана тышкы соода-сатык сальдосу, миң сом менен

3-графикте көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын тышкы соода-сатык мамлеси кеңейип, анын көлөмү да өскөн. Ошол эле кезде жалпы соода-сатыктын өсүүсү менен бирге эле тышкы соода-сатыктын сальдосу да өскөн, башкача айтканда тышкы соода-сатык 1992-1996-жылдары 78081714,2 миң сомду түзгөн болсо, ал эми тышкы соода сатыктын сальдосу -1117312,7 миң сомду түзгөн. Бул көрсөткүч 2016-жылы 390817621,3 миң сомго жеткен болсо, тышкы соода-сатыктын сальдосу -170711715,3 миң сом болгон.

Кыргыз Республикасынын жалпы тышкы соода-сатыктын терс балансына көптөгөн эксперттердин айтуусу боюнча эл-аралык стандартка жооп берген лабораториянын, деңизге чыгуу жана дүйнөлүк масштабтагы өндүрүүчүлөргө атаандаштык кылуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу таасир берүүдө. Андан сырткары жакынкы коңшу мамлекеттер менен болгон мамиленин бир калыпта болбой тышкы соода-сатыкка өз залакасын тийгизүүдө.

## Адабияттар тизмеси

1. Кумский В. «Чем обернётся вхождение КР в Таможенный союз?» [Электронный ресурс] Режим доступа: Polit.kg, 19.04.2011.
2. Плюсы и минусы вступления Кыргызстана в Таможенный союз ? [Электронный ресурс] Режим доступа: Tazabek.kg
3. Дорожна карта по вступлению КР в Таможенный союз? [Электронный ресурс] Режим доступа: Vb.kg,
4. „Доходы Таможенного союза будут распределяться по взвешенному макроэкономическому критерию ?» [Электронный ресурс] Режим доступа: http://newskaz.ru/economy/ 2009.
5. www.stat.kg
6. Бапалиев К.О. Макроэкономика Кыргызской Республики и Евроазиатский экономический союз [Текст] / К.О. Бапалиев, А.Т. Машаева. – Вестник КГУСТА. – 2016. - №2(52) - С. 5.
7. Бапалиев К.О. Место ТЛЦ в государственной политике по развитию экспорта [Текст] / К.О. Бапалиев, А.Т. Машаева. - Вестник КГУСТА. – 2016. - №4(54). - с. 5.